**УДК: 370**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-1-62-67**

**Иманакунова К.Ш.**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекттик университети
Бишкек ш.
*k.imanakunova@mail.ru*
**Шамурзаева Т.Т.**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекттик университети
Бишкек ш.
*shamurzaeva.t.t@gmail.com*

## КЫРГЫЗ ТИЛ САБАГЫНДА КЫРГЫЗ МАКАЛДАРЫНЫН МАЗМУНУН МААНИСИ

**Аннотация:** Макалада кырыз тилин окутуу улуттук баалуулуктарыбызга, улуттук дөөлөттөрүбүзгө байланыштуу окутулушу, тил аркылуу улуттук дөөлөттөрдү таанып билүү, улуттук дөөлөттөр аркылуу тилди таанып билүү зарылдыгы, окутуу ишинде макалдардын көп катмарлуу коммуникативдик кызматын, адамды, өзгөчө өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоодогу ролу жөнүндө сөз болот. Ошондой эле кыргыз макалдарын кыргыз тили сабагында колдонуунун максаттары, жол-жоболору тууралуу илимий маалыматтар берилген.

**Негизги сөздөр:** кыргыз тилин окутуу, кыргыз макалдары, таалим-тарбия, элдик дүйнө таанып принциптери, дүйнө таанып ык-амалдары, окутуу методдору, тарбиялоонун түрлөрү, фольклордук педагогика, адеп-актык чен өлчөм нормалары, улуттук баалуулуктар, макалдардагы көөнөргүс элдик акыл казыналар, маданияттуу сүйлөө, логикалуу, орундуу сүйлөөгө көнүктүрүү.

**Иманакунова К.Ш.**
кандидат педагогических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
*k.imanakunova@mail.ru*
**Шамурзаева Т.Т.**
кандидат педагогических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
*shamurzaeva.t.t@gmail.com*

## ЗНАЧИМОСТЬ СОДЕРЖАНИЯ КЫРГЫЗСКИХ ПОСЛОВИЦ НА УРОКЕ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА

**Аннотация:** в статье речь идет о важности обучения кыргызскому языку во взаимосвязи с национальными ценностями и достояниями, о необходимости познания национальных ценностей посредством языка, о роли коммуникативной функции пословиц в обучении и воспитании подрастающего поколения на уроке кыргызского языка.

**Ключевые слова:** обучение кыргызскому языку, кыргызские пословицы, принципы духовно-нравственного мировоззрения в воспитании, методы, виды воспитания, фольклорная педагогика, морально-нравственные нормы, национальные ценности, народная мудрость в пословицах, речевая культура, логичный, обучение правильной речи.

**Imanakunova K.Sh.**
Candidate of Pedagogy, assistant professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
*k.imanakunova@mail.ru*
**Shamurzaeva T.T.**
Candidate of Pedagogy, assistant professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
*shamurzaeva.t.t@gmail.com*

## THE IMPORTANCE OF ATTENTION TO THE CONTENT OF KYRGYZ PROVERBS IN THE KYRGYZ LANGUAGE LESSON

**Annotation:** the article will focus on the fact that the teaching of the Kyrgyz language is associated with national values, national states, the need to learn national states through language, the need to learn language through national states, the multi-layered communicative service of proverbs in education, the role of proverbs in the upbringing of a person, especially the younger generation. Scientific information on the purposes and procedures of using Kyrgyz proverbs in Kyrgyz language lessons is also presented.

**Keywords:** teaching the Kyrgyz language, Kyrgyz proverbs, folk ideological principles of education, techniques, methods, types of education, folklore pedagogy, moral norms, national values, treasures of folk wisdom in proverbs, cultural speech, logical, appropriate speech, etc.

Кыргыз тил сабагында кыргыз макалдарын мисал катары колдонуу өтө маанилүү. Анткени кыргыз макалдарынын текстинде көп катмарлуу маанилер тогошуп камтылып, анда турмуштук нечен сыноолордон өткөн, тыянак ой-корутунду, бирдиктүү мазмун туюндурулат. Окутуу ишинде макалдардын ушул сыяктуу көп катмарлуу коммуникативдик кызматын, адамды, өзгөчө өсүп келе жаткан жаш муундарды, ар тараптан өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүн эске алуу учурда абдан маанилүү деп эсептейбиз.

Кыргыз макалдарын элдик оозеки чыгарма (фольклор) катары эле кароо бир жактуулукту, чектелүүнү билдирет. Себеби кыргыз макалдары кыргыз элинин тилдик дүйнө таанымын, көп кылымдык тарыхый, рухий байлыгын, көөнөрбөс акыл казынасын, улуттук ар намысын, нарк-насилин, үрп-адат, каада-салт жөрөлгөлөрүн, элдик гумандуу таалим-тарбия берүү багыт-нугун, көп мезгил турмуштук тажрыйбаларын, элдин байыртадан берки ийкемдүү этнопедагогикасынын өзөктүү маселелерин да мазмунунда камтып, сактап турган, асыл мурас болуп саналат. Мында баса белгилеп көрсөтүүчү жагдай: кылымдар бою өнүгүп, калыптанып

келген кыргыз элинин оозеки чыгармалары кыргыздардын дидактикасы, таалим-тарбия берүүнүн бирден-бир куралы болуп келген. Кайсы гана макалды албайлы, алардын түз түшүнүгү менен катар кыйыр мааниде айтылган ой туюму берилгендигин көрүүгө болот. Турмуштун өйдө-ылдыйында, ой-кырында жаздым басып албоого, жакшы-жаманды ылгай билүүгө түз да, кыйыр түрдө да эскертүү туюндурулган. [1, 68 б.]. Ошондуктан кыргыз макалдарында өсүп келе жаткан муунга таалим-тарбия берүү боюнча элдик дүйнө таанып принциптери, анын ык-амалдары, методдору, тарбиялоонун түрлөрү, өтө бай тажрыйбага ээ фольклордук педагогика, байыртадан ата-бабаларыбыз тарабынан түптөлгөн, адеп-актык чен өлчөм нормалары, айкөлдүк, нарктуулук жөрөлгөлөрү тууралуу абдан көп маалыматтар бар. Булар кандай заман болсо да, кыргыз баласы үчүн эч нерсе менен алмаштырылгыс көөнөрбөс дөөлөттөр жана баалуулуктар болуп эсептелет.

Мисалы: “Ар ким өз сөзүнөн сындалат” деген кыргыз макалын алып карасак, анда түз мааниде да жана кыйыр мааниде да туюндурулган элдик философия, кылдат баяндалган этномаданий, этнопедагогикалык жөрөлгөлөр, бирин-бири шарттаган, бирин-бири ачып түшүндүргөн бир нече маанилер кошо туюндурулган. Сыртынан караганда, жөнөкөй сүйлөм түзүлүшүндө жөнөкөй эле айтылган бул макал мазмундук, коммуникативдик жактан полифункционалдуу табиятка ээ. Маселен, бул макалда *“Адамдын сөзү – анын негизги сапаттарынын бири”* деген негизги мааниден сырткары, *“Адам турмушунда айтылып жаткан сөз абдан маанилүү. Ошондуктан сөзгө дайыма маани берип сүйлөө зарыл”, “Сүйлөнгөн сөз адамдын ким экенин далилдеп турат”, Сөз адамдын акыл казынасын, таалим-тарбиясын, ички маданиятын билдирет”, Сөз адамдын жетилүүсүн да же жетилбөөсүн да, турмуштук тажрыйба деңгээлин да кабарлап берет”, “Сүйлөгөн сөздөрү аркылуу адамдын табият-өзгөчөлүгүн, өткөндөгү кырдаалын, учурдагы ал-абалын жана болочок мүмкүнчүлүктөрүн да байкасак болот”, “Сөз – биздин сынчы”, “Айтылган сөз адам рухун, дареметин кыйыр туюндурат”, “Сөз – адамды аныктоочу тараза, негизги көрсөткүчтөрдүн бири”, “Сөздөрү аркылуу адамдын дүйнө таанымын, илими-билим көрөңгөсүн аныктоого болот”, “Сөз адамдын, биринчи кезекте, өзүнө өзүнүн мамилесин жана элге, Ата-Мекенине, үй-бүлө, тууган-туушкандарына карата мамилесин, ой-санаасын, тилек-максаттарын, умтулууларын да кыйыр билдирет”* деген сыяктуу жана башка бир нече маанилер, маанилик катмарлар кыйыр туюндурулган. Жогоруда көрүнүп тургандай, кыска, нуска айтылган бул жөнөкөй эле макалдын маанилик сыйымдуулугу абдан жогору. Ошондуктан мисалга алынган кыргыз макалынын мазмуну кенен жана көп катмарлуу. Анда, бир жагынан караганда, мазмунду түзүп турган көптөгөн маанилер, маанилик катмарлар сыгылып, маанилик компрессияга (тыгыздалууга) учураган. Экинчи жагынан караганда, макалдын мазмундук тулкусунан бир нече маанилер, маанилик катмарлар булак болуп, оргуштап чыгып, ой-санаабызга адамдын айткан сөзүнүн табият-өзгөчөлүгү тууралуу көп катмарлуу түшүнүктөрдү, ой-туюмдарды улам жандырып, улам бир корутунду-тыянак ойлорду мээбизде чагылдырып турат. Бул өңүттөн алганда, кыргыз макалдарынын мазмундук өзгөчөлүгү, полифункционалдуу табияты адамды ар түрдүү ойлорго, сезимдерге тушуктуруп, көп кырдуу ойлонууга өбөлгө түзө алгандыгы менен обочолонот.

Тутумунда адамды дал ушундай көп багыттуу ой жүгүртүүгө түртүп, жан дүйнөсүн дүрмөттөп турган, сыйкыр кубат табияты бар кыргыз макалдарын таалим-тарбия берүү, окутуу чөйрөсүндө педагогикалык максатта колдонуу али турмуштан такшала элек, жаңы эле өмүр жолун баштап келе жаткан жаш муундарга өтө чоң таасир калтырат, алардын болочок жашоосуна көп түрдүү пайда алып келет деп эсептейбиз.

Макалдар элдик педагогиканын башаты, элдик дидактиканын уюткусу катары окуучунун турмушунда пайдасы тие турган кандай көндүмдөргө, бир кыйла тажрыйба менен жарала турган кандай инсандык сапаттарга аларды үйрөтө алат? Кыргыз тили сабагында макалдарды колдонуу окуучуга кандай пайда, үзүр алып келет? Албетте, мындай суроолордун жана көтөрүлүп жаткан дидактикалык маселелердин педагогикалык турмушта олуттуу маани-маңызы бар. Элдик педагогика жалпы эле адамдын пайда болушунан тартып,уруу,эл, улуттун жаралышына чейинки доорлордон берки эчендеген сыноолордон сыналган да тарыхый тажрыйбаларга, зарылдыктарга толук жооп берип келген. [2, 117 б.]. Биздин оюбузча, мазмундук, идеялык жактан караганда, мугалимдин кылдат багытоосунун натыйжасында тоодой ойду томуктай сөзгө сыйдырган макалдын өзү окуучуну ийкемдүү ой жүгүртүүгө көнүктүрөт. Окуучу ийкемдүү ой жүгүртүүгө көнүгүш үчүн макалдын мазмунунда кайсы маселелер негизги экенин мугалимдин көрсөтүп берүүсү өтө зарыл. Адам баласы ар өнөрдү үлгү аркылуу үйрөнөт. Ошондуктан мугалим макал текстти менен иштөөнүн жолдорун, макалдын мазмунунда туюндурулган маанилик өзгөчөлүктөрдү аныктап, алар тууралуу ийкемдүү ой жүгүртүүнү үлгү катары окуучуга практика жүзүндө өзү көрсөтүп берүүсү абдан маанилүү. Бул макалабызда дал ушу маселени мугалим кантип ишке ашыруусу керектиги тууралуу сөз болот.

Окутуу процессинде “Ар ким өз сөзүнөн сындалат” деген макалдын мазмундук өзөгүндө камтылып турган кайсы маселеге мугалим окуучулардын көңүлүн бурдуруусу керек? Бул макалдын мазмундук түзүлүшүн (структурасын) иликтөөнү эмнеден баштоо зарыл? Биздин оюбузча, тил аркылуу туюндурулган мазмун, сөзсүз, белгилүү бир түзүлүштө (структурада) болот. Ошо түзүлүш (структура) мазмундун формасы болуп саналат. Ушул өңүттөн караганда, бардык эле макалдар мазмун менен форманын диалектикалык карым-катышынан түзүлөт. Окутуу процессинде мугалим мисалга алынган жогорудагы макалдын мазмундук жана формалык өзгөчөлүктөрүнө, андагы негизги маселелерге окуучулардын көңүлүн бурдуруп, алардын жан дүйнөсүнө, ой-санаасына таасир этүүсү зарыл. Макалдын мазмундук түзүлүшүн иликтөө ишин ошо макалдын мазмундук өзөгүндө кайсы маселе орчундуу, өтө маанилүү экенин аныктап көрсөтүүдөн баштоо максатка ылайык келет. Маселен, “Ар ким өз сөзүнөн сындалат” деген макалдын мазмундук өзөгүн **“сөз”, “айтылган сөз”** деген түшүнүктөр түзүп турат. Макалдын мазмунундагы орчундуу, өтө маанилүү маселе – айтылган сөз жана анын адамга тийгизген таасири.

Ушул мазмундук өзөктө **“сын”, “сындалат”** деген түшүнүк айтылган сөздүн натыйжасын билдирет. Ошентип, “сөз”, “айтылган сөз” түшүнүгүнүн маанилик кыймылы, адамга анын оң же терс таасир этүүчү касиети **“сындалат”** деген сөз аркылуу белгилүү болуп турат.

Ал эми **“ар ким”, “өз”** деген түшүнүктөр жеке адамды (субъектини) туюндуруп, айтылган сөздүн ар бир жеке адамга тиешелүүлүгүн, жеке адамга таандыктыгын баса белгилеп көрсөтүүдө. Ошондуктан бул макалдын мазмунунда айтылуучу сөздүн башаты, белгилүү бир ойду, информацияны туюндуруучу жак катары жеке адам да орчундуу мааниге ээ. Анткени айтылуучу сөз жеке адамга, анын бүтүндөй өзгөчөлүгүнө тыгыз байланыштуу жана ага көз каранды.

Жыйынтыктап айтканда, мисалга алынган бул макалдын мазмундук түзүлүшү: **ЖЕКЕ АДАМ + АЙТЫЛУУЧУ СӨЗ + СЫНДАЛАТ, АДАМДЫН КИМ ЭКЕНИ АНЫКТАЛАТ** деген үч негизги маанилик бөлүктөн куралган. Бул маанилик бөлүктөр бири-бирине диалектикалык карым-катышта бекем байланышкан. Ушуга байланыштуу бул макалдын

контекстинде жеке адам (субъект) болбосо, сөз (негизги объект) да айтылбайт, анын натыйжасы (сындалышы) да ишке ашпайт. Айтылуучу сөз (негизги объект) болбосо, жеке адамды сындоочу, аны ар тараптан аныктоочу негизги объектин натыйжасы болбойт. Ал эми натыйжа (жыйынтык, сындалуу, аныкталуу) болбосо, "жеке адам" деген түшүнүк менен "ал айткан сөз" деген түшүнүктүн диалектикалык, логикалык байланышы үзгүлтүккө учурап, алар жыйынтыктуу мазмунду туюндурулбай калат. Демек, бул макалдын мазмунун түзгөн маанилик үч бөлүк: **АДАМ (субъект) +СӨЗ (негизги объект) + НАТЫЙЖА** бири-бири менен маанилик жактан диалектикалуу. Алар бири-бири менен бекем байланышып турат.

Мугалим окутуу ишинде окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуусу зарыл. Анын бул макалдын мазмундук түзүлүшүн түзгөн маанилик бөлүктөргө окуучулардын көңүлүн бурдуруусу, андагы бирин-бири аныктоочу, бирин-бири жаратуучу көрүнүштөргө басым жасап, түшүндүрмө берүүсү абдан маанилүү. Анткени мындай көрүнүш, иш-аракет окуучулардын туура жана ар тараптуу ой жүгүртүүсүнө багыт берет, көмөк көрсөтөт. Мында: биринчиден,

*1. Оң же терс сындалууда (натыйжада) адам айта турган сөздөр кандай болуш керек?*

*2. Сөз айтуучу адам кандай болуш керек?*

*3. Жакшы адамдын сапаттары кандай?*

*4. Начар адамдын сапаттары кандай?*

*5. Жакшы сөздүн пайдасы кандай болушу мүмкүн?*

*6. Жаман сөздүн кесепети кандай болушу мүмкүн?* деген маселелерди мугалим талкууга коюу аркылуу окуучулардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүп, адам айткан сөз жана анын натыйжасы (пайдасы жана кесепети) тууралуу окуучулардын түшүнүк-баамын, кабылдоо тажрыйбасын арттыра алат.

Экинчиден, сабакта макалдын мазмунуна үңүлүп, "адам жана ал айтуучу сөз кандай болуш керек?" деген маселе тууралуу мугалим менен окуучулардын биргелешип, эркин ой жүгүртүп иликтөөсү окуучулардын инсандык сапатын жогорулатат, таалим-тарбиясын жана жүрүм-турумун жакшыртууга таасирин тийгизет. Ошондой эле мындай мазмундук иликтөө турмушта айтылган сөз сыяктуу адам жасаган ар бир иштин белгилүү бир натыйжасы болору тууралуу окуучулардын түшүнүгүн, ой-корутундусун жаратат. Аталаган маселелер окуучулардын жан дүйнөсүн өнүктүрүүгө салым кошот жана алардын моралдык-психологиялык бакубат абалда болуусуна көмөк көрсөтөт. Ушунун негизинде окуучулар жасаган ар бир иштин, айткан ар бир сөздүн натыйжасына көңүл буруу зарылдыгын туюндурган турмуш эрежесин өздөштүрүшөт. Макалдын мазмунун иликтөө аркылуу балдарга жазылган жана жазылбаган турмуш эрежелерин үйрөтүүгө болот. Анткени макалдар элдин этномаданиятына жараша турмуштук эреже-жөрөлгөлөрүн мазмунунда түз да, кыйыр да туюндуруп, камтып турат. Жогоруда байкалгандай, сабакта макалдын мазмунун чыгармачылык менен ар тараптуу иликтөө балдарга курулай акыл-насаат айтуудан алда канча пайдалуу жана натыйжалуу.

Орус жазуучусу Н.М.Карамзин: "...Тил жана оозеки чыгармачылык – эл агартуунун башкы ыкмасы, маңызы тил байлыгы – бул ой байлыгы, ал жаш адамдын жан дүйнөсү үчүн алгачкы мектеп катары кызмат кылат, илимдерге негизделген түшүнүктү байкатпастан, күчтүү таасир калтырат..." деп жазган [3, 43 б.]. Себеби сабакта макалды мисал катары алып, аны мазмундук жактан иликтөө окуучуларды кенен, ар тараптуу, ажырым (аналитикалуу) ой жүгүртүүгө, кылымдардан бери колдонулуп келе жаткан элдин таалим-тарбия, дүйнө тааным

принциптерин, маданий жөрөлгөлөрүн, адилет жашоо-турмуш эрежелерин, көөнөргүс нарк-насилин, акыл көрөңгөсүн таанып билүүгө жардам берет. Ошондуктан кыргыз тил сабагында кыргыз макалдарын окутуунун каражаты катары колдонууну зарыл деп эсептейбиз.

**Колдонулган адабияттар**


1. Алимбеков А. Кыргыз эл педагогикасындагы эстетикалык тарбия. “Улуу тоолор” – Бишкек, – 2023. – 43 б.
2. Иманакунова К.Ш. Макалдардын дидактикалык негизде туюндурулушу //И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы – Бишкек, 2011 – 6 – С. 68.
3. Иманакунова.К.Ш. Кыргыз макалын кыргыз тили сабагында колдонуунун методикасы. Окуу курал. Бишкек-2019
4. Чыманов.Ж.А. Тил жана КЕП жөнүндө сөз. – Бишкек, 2005. – 117 б.


**Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Абдыкалыкова А.А.**